УДК.811.512.154

Узбекова С.М.
К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети
e-mail: Sachka.48@mail.ru
Кадыркулова Ф.Д. *фил. илимд. доктору*
К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети
e-mail: fkadyrkulova@bhu.kg

НЕМИС ЖАНА КЫРГЫЗ ТИЛДЕРИНДЕГИ ЖӨНӨКӨЙ СҮЙЛӨМДӨРДҮН ТАТААЛДАНЫШЫ

УСЛОЖНЕНИЕ ПРОСТЫХ ПРЕДЛОЖЕНИЙ В НЕМЕЦКОМ И КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКАХ

COMPLICATION OF SIMPLE SENTENCES IN GERMAN AND KYRGYZ LANGUAGES

Аннотация: *Бул макалада немис жана кыргыз тилдериндеги жөнөкөй сүйлөмдүн структурасынын татаалданышы талдоого алынат. Немис жана кыргыз тилдериндеги татаалдашкан сүйлөмдөрдүн ар кандай структуралык схемасы берилген.*

Түйүндүү сөздөр: *татаалдашуу, жөнөкөй сүйлөм, сүйлөм модели, структура, сүйлөм мүчөсү, синтаксистик байланыш.*

Аннотация*: В данной статье рассматривается усложнение структур простого предложения в немецком и кыргызском языках. Дается структурная схема усложненных простых предложений в немецком и кыргызском языках.*

Ключевые слова*: усложнение, простое предложение, модель предложения, структура, член предложения, синтаксическая связь*

Annotation*: This article discusses the complexity of the structure of simple sentences in the German and Kyrgyz languages. And this work contains a structural diagram of the complexity of the sentence in the German and Kyrgyz languages.*

Keywords*: complication, simple sentence, structure, part of sentence, syntactic connection*

Сүйлөмдүн моделинин алкагында ар кандай синтаксистик процесстер жаралат. Сүйлөм моделдери негизги жана жардамчы мүчөлөрдүн жана башка таасирлердин аркасында кеңейет, татаалданат.

Сүйлөм мүчөлөрү өзүнүн компоненттик курамы боюнча бири-бирине жалпы синтаксистик функциясы боюнча гана айкашпайт. Бир эле сүйлөм мүчөсүнүн өзүнчө түрлөрү синтаксистик деривациянын катышы менен байланышат. Мындай учурда бир структура баштапкы болсо, калганы туунду катары каралат. Структуралык схеманын реализациясынын түрлөрү сүйлөмдүн схемалык структурасында маани берүүчү сөздөрдүн курамынын көбөйүшү менен шартталат. Бирок моделдин факультативдик мүчөлөрүнүн болушу, б.а., структуралык схеманын реализацияланган позициясынын санынын өсүшүнө жараша болот. Бул жерде сүйлөмдөгү моделдердин структуралык мүчөлөрүнүн маанилик жана формалык жактан татаалданышы жөнүндө кеп болуп жатат. Мисалы: *Er trinkt den Kaffee.-Er trinkt den warmen Kaffee. Ал кофе ичип жатат. Ал жылуу кофе ичип жатат.*

Бул сүйлөмдөрдөгү татаалдашуу толуктооч сыяктуу структуралык схеманын факультативдик мүчөлөрү менен ишке ашты.

Татаал сүйлөм мүчөлөрүнүн элементтеринин ортосунда формалдык көз карандылык бар. Анда татаалдашкан элемент түзүп турган негизги синтаксистик бирдиктин формасын чечмелейт (алсак, *beginnen* баяндоочтун бөлүгү катары инфинитивдин формасын аныктайт), же өзү белгилүү бир формада болушу керек (алсак, татаалдашкан элемент татаал толуктооч формасында болот).

Эки же андан ашык толук маанилүү этиштердин айкашуусунан пайда болгон татаалдашуудагы мүмкүн болгон шарт катары сүйлөм мүчөлөрүнүн сүйлөмдүн кээ бир элементтери менен айкашуусун кароого болот. Анткени жеке форма үчүн ээ менен болгон мындай айкалыш бир гана мүмкүнчүлүк болуп саналат: *Sie beginnt zu lesen - Ал окуй баштады*. Демек, этиштин жак формасынын субъектиси менен жаксыз формасынын ортосундагы субъективдүү-процесстик катышка негизделет.

Баяндоочтун татаалданышы анын курамына толук эмес предикациясы менен айырмаланган элементтердин камтылышы аркылуу ишке ашат.

Башка шарттарда өз алдынча колдонууга мүмкүн болгон баяндоочтун бөлүгүнүн астында аралашкан, б.а., татаалданткан элемент өзүнө ээ менен синтаксистик байланышты түзүп, предикативдүүлүк категориясы жаралат. Баяндоочтун экинчи бөлүгү б.а., жаксыз формада предикативдик статуска ээ болот.

Баяндоочтун татаалданышы. Эгерде кандай гана сөз айкашынын курамы «кыймыл-аракеттин субъектиси катары ээге багытталган этиштин жаксыз формасы + ээ жана ошол форманын ортосунда кызмат аткарган жаксыз формадагы элемент» бирдиктүү сүйлөм мүчөсүн түзсө (ал эми тилдик кубулуштарды сыпаттоо принцибиндеги ырааттуулук муну талап кылат), анда татаал баяндоочко бир катар конструкцияларды киргизүүгө болот.

1. Фазистик этиштер жана этиштик фразеолгизмдер менен жасалган татаалдашкан этиштик баяндоочтор. Мисалы: *Er arbeitet-beginnt zu arbeiten- fährt fort zu arbeiten- hört auf zu arbeiten;*

2. Модалдык этиштер менен уюшулган татаалдашкан этиштик баяндооч. Мисалы: *Er geht-will gehen-muss gehen- darf gehen* ж.б.

3. Белгини аныктаган этиштер менен уюшулган татаалдашкан этиштик баяндоочтор. Мисалы:*Er schläft - scheint zu schlafen;Er träumt- scheint zu träumen-glaubt zu träumen* ж.б.

4. Субъектинин кыймыл-аракетке болгон мамилесин туюндурган этиштер аркылуу уюшулган татаалдашкан этиштик баяндооч. Мисалы:

Er spielt-liebt zu spielen- wünscht zu spielen ж.б.

5. Кыймыл-аракетти ишке ашырууну туюндурган этиштер менен уюшулган татаалдашкан этиштик баяндооч*: Er kommt- beabsichtigt zu kommen- weigert sich zu kommen; Er tanzt- versucht zu tanzen- versteht zu tanzen;*

Er lernt- ist bestrebt zu lernen- gibt vor zu lernen. Niemand wird wagen, jetzt mit einem Boot über das Wasser zu fahren (Bachmann) ж.б.

Бардык татаал баяндоочтордун курамында байланыштыргыч форма болот. Ал байланыштыргыч форманын аталышы салттуу терминология боюнча *sein, haben* этиштери аркылуу алар ээ менен баяндоочтун атоочтук бөлүгүн байланыштырат. Бирок мындай функцияны татаал баяндоочтун курамындагы модалдык этиштер да аткарат.

Сүйлөмдү татаалданткан элементтердин катарына сын атоочтор, атоочтуктар да кирип, ал адъективдик татаалдашуу деп аталат. Мисалы:*Sie sieht krank aus*.

Төмөндө немис жана кыргыз тилдериндеги татаалдашкан сүйлөмдөрдүн ар кандай структуралык схемасы берилген:

Немис тилинде: *Er blickt zum Herrenhaus hinüber (Bachmann).Er streift zwecklos am Ufer entlang und kehrt wieder um (Bachmann). Angrett Bienkopp, diese Dame, hat einen Gegenbullen aufgestallt (Strittmatter).Eine matte Sonne wälzt sich aus den Waldern. Bleiches Licht fliesst über die Erde. Die Landschaft lichtet sich. Die Sicht wird weiter. Frühherbst (Strittmatter). Es kommt niemand. (Bachmann). Er geht bedächtig im feuchten nachgebenden Sand (Bachmann).*

Er war ratlos — Er schien ratlos zu sein.

Ich höre die Glocken — Ich höre die Glocken läuten.

Vielleicht kommt dann Maria (Bachmann).

Die Bedenken verfliegen mit dem Ermüden (Bachmann).

Die Gedanken sind auf heimlichen Wegen (Bachmann).

Der Herr ist nicht mehr jung (Bachmann).

Кыймылдасаң ок жетет (Ч.А.).

Өлтүр мени да, канкор! (Ч.А.).

Бу жарык дүйнөнүн быр шооласын көрбөдүм, менин жашаганым кайсы, жашабаганым кайсы! (Ч.А.).

Мына, акыр заман келди. (Ч.А.).

Ат, атпайсыңбы, ой! (Ч.А.).

Жылбагыла! - деп бакырды, Бостон, кишилерди тегерете карап. Бириң да ордуңан жылба! (Ч.А.).

"Кеткен жөн да, билип алган жөн да!" (Ч.А.).

"Бүгүн да үйгө түнөбөйсүнбү!" (Ч.А.).

Бир нече жөнөкөй сүйлөмдөрдүн контаминациясынын натыйжасында *татаалдануу* процесси пайда болот. Контаминация процессинде сүйлөмдөр өз алдынчалык статусун жоготот да ошол эле учурда анын орду байкалат [Мурзин,1974].

Биригүү, же контаминация кубулуштары колдонулушу боюнча чектелген чөйрөгө ээ. Эгерде сүйлөм мүчөлөрү жөнүндө айта турган болсок, ал баяндоочтор системасында гана байкалат. Мисалы: *Die kleinen Mücken und die Fliegen, die nach Sonnenuntergang so lebendig werden, schwärmen schon (Bachmann).*

Кыргыз тилинде: *Карышкыр! Баланы алып кетти, кокуй кун! Болгула, болгула тез, айланайындар! (Ч.А.). Тигине! Тигине, Кенжеш! Карышкырдын жонунда баратат, кудай - ай! (Ч.А.).*

Башка сүйлөм мүчөлөрүнүн, б.а., толуктооч же бышыктооч сөздөрдүн катар келиши жоктугун мындай түшүндүрсөк болот. Биригүү сүйлөм мүчөлөрүнүн курамынын шарттарында гана болот, б.а., ар кандай сүйлөм мүчөлөрүнүн компоненттерин бириктирүүгө мүмкүн болот. Мындай шарт өзүнө этиштик жана атоочтук элементтержи камтыган баяндоочко гана мүнөздүү болот. Дагы бир фактор сын атоочтун жана тактоочтун жалпы белгилик табияты болуп саналат, ошондой эле толук маанилүү жана байланыштыргыч этиштердин ортосундагы чектин жоктугу менен шартталат [Иванова Ж., 1981: 213].

Сүйлөмдүн жайылышы модификация аркылуу ишке ашат – багыныңкы синтаксистик байланыштын негизинде – сүйлөмдүн бир элементинин башка биринчи багыныңкы абалга өтүшү мене шартталат. Сүйлөмдүн жайылуу процессинин негизинде атоочтук, этиштик, тактоочтук ж.б. сыяктуу синтаксистик топтор түзүлөт. Алар эндоборбордук мүнөзгө ээ болуп, синтаксистик жагынан борбордук элемент болуп келет. Мисалы: *Müller war früher Schlosser.- Der alte Müller...- Der alte Müller aus Stuttgart ...- Der alte Müller aus Stuttgart, Heinz Onkel.*

Сүйлөмдөр инфинитив же инфинитивдик түрмөктөр аркылуу жайылма формага ээ болот. Мисалы: *Anegrett Bienkopp, diese Dame, hat einen Gegenbullen aufgestellt.* [Strittmatter, 1984, c.16] *Teller und Glaeser, Messer und Gabeln, Schüsseln mit guten Speisen waren da. Niemand kann öffnen. Die Mutter geht in die Stadt, um einzukaufen. Der Arzt empfiehlt (dem Patientin), das Medikament zu nehmen*.

Сүйлөмдүн жайылышы — сүйлөмгө структуралык минимумдан сырткары турган кошумча сүйлөм мүчөлөрүнүн камтылышынан түзүлгөн синтаксистик процесс. Мисалы: *Der Mann war Engelke. - Der Mann im Sessel, den kalten Zigarettenstummel zwischen den Lippen war also Engelke. Die Enttäuschung brack über ihn herein.- Da brack mit Gewalt die Enttäuschung über ihn herein.*

Мисалдардан көрүнүп тургандай, сүйлөмдөрдүн кайра түзүлүшү кээ бир топтордун чегинде ырааттуу жайылуу мүмкүн экендигин көрсөтүп турат. Бирок сүйлөм мүчөлөрүнүн деңгээлинде ырааттуу жайылуу процесси чектелүү. Тактоочтун кошулушу (мисалда, sehr – абдан тактоочу) топтордун ырааттуу жайылышына чек коёт.

Жөнөкөй сүйлөмдүн структурасына кошулуу жана камтылуу процесстери. Сүйлөмгө башка бир элементтердин кошулуусу грамматикалык жана семантикалык табияты боюнча сүйлөмдүн кеңейишине туура келет. Ал сөздөрдүн синтаксистик элемент катары бөлүкчөлөр менен модификациясына байкалат: *doch, nur, so, zu, sogar, nun*. Мисалы:

Daheim bleiben nur die Mutter und mein Schwesterchen (Aitmatov,1983:14)]"So ein schönes Paar!"... (Tsch. Aitmatov, 1983: 38). Sie haben doch bekannten hier (Bachmann,1996: 195).

Синтаксистик процесстерди жаратуучу факторлордун бири – модификация. Мында сүйлөм модалдык жактан өзгөрүүгө учурап, логикалык анализди текшерүүнүн дагы бир эксперименталдык ыкмасын түзөт [Мурзин,1974:101].

Сүйлөмдүн кеңейишинде модификациялык элемент катары өзүнчө синтаксистик статуска ээ сүйлөм мүчөлөрү колдонулат. Сүйлөм моделдеринин кеңейишинде эң универсалдуу каражат бышыктоочтук детерминант болуп саналат.

Сүйлөм курамына модалдык сөздөр жана алардын функционалдык элементтери кошулуу менен сүйлөм кеңейүү процессине учурайт. Мисалы: *Irma kauft (Brot) ein. -Irma kauft (Brot) immer in diesem Geschäft ein.*

Sie schreibt.- Sie schreibt einen Brief an seine Freundin.

Er schreibt — Er schreibt einen Brief an seinen Vater.

Werner rauchte — Werner rauchte eine Zigarette.

Wahrscheinlich fahre ich heute in die Stadt.

Aber eine recht gute Art Volks! (Goethe, 1975:20).

Жыйынтыктап айтканда, татаалдашуу – синтаксистик бирдиктин структурасынын өзгөргөн синтаксистик процесси, натыйжада жөнөкөй формадан татаал түргө өтөт. Структуранын татаалдыгы курамындагы түзүп турган элементтердин өз ара синтаксистик карым-катышын туюндурат.

Адабияттар

1. Ийсаева А.Ж. Кыргыз тилиндеги жөнөкөй сүйлөм тутумундагы синтаксистик процесстер. Фил.илим. канд. Автореферат. -Б., 2013.

2. Москальская, О.И. Проблема системного описания синтаксиса - М.: Высш. шк., 1981. – 175 с.

3. Мусаев, С.Ж. Структурное ядро синтаксических конструкций // Тюркология - 88: Тез. докл и сообщ. V Всесоюз. Тюркол.конф. – Ф., 1988. – С. 219-221 .

4. Мурзин, Л.Н. Синтаксическая деривация – Пермь: Изд-во Перм. ун-та, 1974. - 170 с.